# СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ИШКЕРДҮҮЛҮК ИНСТИТУТУНУН ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨНҮҮСҮ

**АЛЫМКУЛОВ А.Т.**
*Кыргыз Республикасынын жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлигинин министри*

**УДК 314**

Натыйжалуу «жаштар саясаты» социалдаштыруунун каражаты. Азыркы мезгилде «жаштар саясаты» деген термин менен жаңы муундарга карата бир катар мамлекеттик жана социалдык кызматтардын аткарылышын белгилешет.

Биринчиден, түздөн-түз же обочодон жаш муундардын төрөлгөнүнөн тартып 28 жашка чейин (бала-бакчалар, үй-бүлөнү колдоо, билим, социалдык камсыздандыруу, эмгек менен камсыз кылуу, турак-жай, бош убакыт, милдеттүү аскердик кызмат ж.б.у.с) кыйла көп чараларды өз кучагына камтыган, өтө кенен, көп функционалдуу саясат.

Экинчиден «жаштар саясаты» − деп борбордук атайындаштырылган мамлекеттик жана муниципалдык (жергиликтүү) мекемелерди, комитеттерди, жаштардын иштери боюнча министрликти комиссияларды түшүнөбүз. Булар жаштарды социалдаштырууга байланыштуу башка структуралар менен бирдикте жаштардын көйгөйлүү маселелерине тийиштүү (жумушсуздук, өспүрүмдөрдүн арасындагы кылмышкерлик, жаш үй-бүлөнүн социалдык жактан корголбогондугу ж.б.у.с) айрым суроолорду чечишет.

Үчүнчүдөн тар мааниде алсак, «жаштар саясаты» термини тек гана жаштардын бош убакыт жана билим алуу чөйрөсүн камтыйт.

Жаштар саясатынын тар, ошондой эле кенен мааниде колдонулуп, маңызы окумуштуулар жана практиктер тарабынан бүгүнкү күндө сынга алынып жаткандыгын айта кетүүбүз керек. Мындай мамиле социалдык саясаттын бир түрүнүн мазмуунун тарышына алып келет, же болбосо өкмөттүк жана муниципалдык мекемелердин, калктын түрдүү категорияларына карата,анын башка социалдык-экономикалык суроолордо «жуулуп» кетишине алып келет.

Биздин көз караш боюнча эң алгачкы «саясат» терминин маңызын талдоого кайрылуу шарттуу.Биз жалпысынан саясат деп кандайдыр бир чөйрөдөгү тараптардын,топтордун, калктын катмарларынын ошондой эле, ушундай жалпычылыктардын өкүлдөрүнүн (юридикалык жана физикалык адамдардын) ортосундагы мамилелерди түшүнөбүз. Бул мамилелер түп-тамырлуу экономикалык,укуктук,маданияттуулук ж.б. кызыкчылыктары менен аныкталат жана тигил же бул жалпычылыктын социалдык статусу,алардын жашоого сапаты менен тыкыс байлашышкан.

Биз жаштар саясаты жөнүндө сөз кылганыбызда эң биринчиден,жаштарга чоң демографиялык спецификалуу тобу катарында калктын, коомдун,анын ар кандай топторунун, катмарларынын, социалдык институттарга, коомдогу жалпысынан баалуулуктарга, буларды алып жүрүүчүлөргө башка топтор жана калктын катмарлары, социалдык институттар жана физикалык адамдар, топтордун жана институттардын өкүлдөрү катарында экендиги көңүлүбүздө болуу керек. Мындай көп кырдуу мамилелердин айкалышкан деңгээли (б.а саясат) социалдык статусту аныктайт, ошону менен бирге жаштардын турмушунун сапатын, шарттарын жана турмуш образдарын так ушул демографиялык топтордун социалдык статусу такталып аныкталат жана муундарды социалдаштыруунун процессин натыйжалуу же, тескерисинче, натыйжалуу эмес экендигин көргөзөт.

Социалдык, анын ичинде социологиялык билимде көп убакыт бою мамлекеттин жана топтордун кызыкчылыктары төп келишет деген постулат айтылып келген. Коомдо калктын ар-кайсы топторунун жана катмарларынын гармониялык бирдикте экендиги айтылып,өкүм сүрүп келген. Бул жерде жаштардын кызыкчылыктарынын көйгөйлүү

маселелери эң мыкты болгондо бош убакытты өткөрүү, билим алуу, эмгектенүү чөйрөсүнө иликтөөгө арналып келген. Жаштардын жалпылыгынын кызыкчылыктарынын системасы жөнүндө алардын макулдашылгандыгы же макулдашпагандыгы жөнүндө, калктын башка топторунун кызыкчылыктары менен айкалышкандыгы жөнүндө жаштардын арасындагы көйгөйлүү реалдуу маселелердин болгондугуна жана аларды чечүү экендигине карабастан жаштарга карата алардын социалдык институттардын,социалдык топтордун жана катмарлардын статусун эске алып кызыкчылыктарын окуп-үйрөткөн атайын социологиялык, психологиялык ж.б изилдөөлөр жокко эссе. А түгүл жаштардын көйгөйлүү маселелерин чече турган коомдун башка топторуна,институттарына кандайча мамиледе экендигин биз билбейбиз.

Жаштар саясатынын маңызын мындайча ойлонуштурууну, аны натыйжалуу калыптандыруу үчүн жана Кыргызстандык коомдо жаштар саясатын жүзөгө ашыруу өтө келечектүү деп эсептейбиз. Ал үчүн бүгүнкү күндө мамлекеттик деңгээлде ушундай изилдөөлөрдү натыйжалуу жүргүзө турган тажрыйбалуу социологиялык-психологиялык, саясый-экономикалык ж.б.у.с мекемелерди бириктирип, материалдык-каражаттык жана каржылоо маселелерин чечип берүү мамлекеттик зарылчылык.

Жаштар саясатынын натыйжалуулугу жаштардын жарандык(жарандуулук) позициясын чыңдоо жана калыптандыруу менен түздөн-түз байланышта. Жарандаштыруу маселеси тарыхта жана бүгүнкү күндөгү биздин татаал турмушубузда анын чечмелениши ар түрдүүгө айырмалануучу, а түгүл өз-ара бири-бирин жокко чыгаруучу. Кептин негизгиси, жарандаштыруу темасы өтө терең идеологиялаштарылган, андыктан бул ар-кандай саясий күчтөрдүн тарткылыктуу объектиси болуп калган. Мындан тышкары, өзүлөрүнүн ишмердүүлүгүнүн концептуалдык негизинен келип чыккан ага кандайдыр бир мазмуунду жана көздөгөн идеяларынан беришкен.

Бул маселенин басып өткөн тарыхынын өзү эле негизги түшүнүктөрдү бөлүп жана мүнөздөп чыгууга бизди мажбурлайт. Бул төмөнкү түшүнүктөр дагы жаштарды социалдаштыруу менен айкалышып турат.

Жаранчылык (гражданство) − жаранчылык-физикалык адамдын белгилүү бир мамлекет менен болгон укуктук байланышы. Ар бир жаран белгилүү укукка ээ жана өзүнүн мамлекетине карата тиешелүү милдеттерди алып жүрөт.

Жарандык толук же толук эмес, а түгүл экиликтүү болушу мүмкүн. Булардын аркасында эл аралык укукта, жана бекитилген тийиштүү мамлекеттин баш мыйзамында жазылган укуктар жана милдеттер жөнүндөгү суроолор келип чыгат. Бирок булл жерде бизге эң маанилүүсү бул адам (гражданин) менен мамлекеттин ортосундагы объективдүү байланыштын бардыгын билүү, социологиялык көз караш менен алганда, мындай байланыштын өнүгүшү: патрондук мамлекеттин санга реалдуу бөтөнчүлүктү берүүчү мамлекетке өтүү.

Жарандык коом (гражданское общество) «жарандык коом» − коомдо саясаттык эмес (экономикалык,социалдык, нравалык, диний улуттук ж.б.у.с. мамилелердин жыйындысын жана каалагандай регламенттелишин тиешелүү мыйзамдар менен корголгон эркин жарандардын жана өз эрки менен түзүлгөн ассоцациялардын жана мекемелердин өз алдынча көрүнүүчү чөйрө.

Жаран (гражданин) − саясый коомчулуктун мүчөсү, «мында мүчөлүгүнө байланыштуу укугуна жана милдетине ээ. Анын жаран укугу-берилген улуттук коомчулуктагы бардык жарандарына мыйзам боюнча берилген укугу.

Жарандык аң-сезим. Жарандык аң сезимдин негизинде адамдын инсан катарында,коом менен мамлекеттин, Мекен катарында туруктуу байланышып жаткан массалык топтук жана жекече аң-сезимдин өзгөчө формасы, б.а географиялык, этникалык, тарыхый, маданияттык (анын ичинде диний) ж.у.с. жыйындылардын көрүнүшү.

Жарандык жүрүм-турум (жарандык чыгаандык менен бирдей) − жаранчылык түшүнүгү жана инсандык жарандык аң-сезими менен байланыштырылган туруктуу стереотиптеги жүрүм турумдардын чогундусу.

Жарандык өз алдынча аң-сезим − бул инсандын аң-сезиминде тарыхта чагылдырылган жана коомдун мүчөсү катарында идеологиялык жана нравалык жактан сырдалган, ошондой эле аларды өнүктүрүү гүлдөшүндө өзүнүн ролу жана аларды коргоо.

Ошентип, социалдаштыруунун өтө орчундуу жана аныктоочу фактору болуп «инсан мамлекет» эсептелет. Бирок мунун бирден бири болуп дагы бир компонент,тактап айтканда «коом» катышат. Бул түшүнүк жаштардын социалдаштырылышында бөтөнчө спецификалык ролду ойнойт. Бул элестетүүчү континиуумда анчалык жакын эмес жана бирдей аралыкта жайланышкан эмес. Катуулап айтканда, коомдун жанында жаран жок, тек гана мүчөлөрү бар. Булар өзүлөрүнүн жаранчылык жүрүм-турумунда жашап жаткан мыйзамдарга багытталгандыгы менен көпчүлүк учурда идеологиялык топтук мүнөздөрүн алып жүргөн жана моралдык нормалардын, салттардын, көрүнүштөрдүн негизинде өз ара аракеттенишет. Мына ушундай жагдайлар жарандык коомдун спецификасын көз карандысыз уюмдардын, кыймылдардын социалдык маанилүү суроолорду чечүүгө катышкан формалдуу эмес демилгелердин реалдуу жыйындысы катарында аныктайт.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда жарандык коомдун калыптанышы жаңыдан бутуна туруп келе жаткандыгын эске алып бул теманы жаштарды социалдаштыруу процессинде тереңдетип карабайбыз. Бирок белгилей кетчү нерсе-бул адамдын, коомдун жана мамлекеттин өз ара аракеттери жаштарды социалдаштырууга түздөн-түз таасирин тийгизет. Тарыхта дээрлик бүгүнкү күнгө чейин жана дагы узак келечекте, бир жагынан, адам жана коом, экинчи жагынан, мамлекет элестетүүчү континиуумдун полюстарында кыйла жылышкан жана жылыша бермекчи кызыкчылыктардын ар түрдүү табияттарынын жана спецификасынын бөтөнчөлүгүнүн күчү аркылуу булардын арасындагы мейкиндик принцибинде аныктоого жана өзгөртүүгө биримдүүлүк жана карама-каршылык алардын түп-тамырлуу жана конъюктивдик кызыкчылыктары аркылуу элдин жарандык чыгаандуулуктары менен толукталат.

Мына ушундай методологиялык принциптердин негизинде жаштарды социалдаштыруунун тенденцияларын жана факторлорун социологиялык көз караш менен талдап көрөлү.

Дүйнөлүк картада өз алдынча Кыргыз Республикасы деп аталган жаңы мамлекеттин пайда болушу,анын эл аралык жана ички турмуштун субъектиси катарында тезинен, ошол эле учурда карама-каршылуу бутуна турушу адамдардын бөтөнчө ар түрдүүчө аң-сезимдеринде чагылдырылбастан, кыйла сезилген карама-каршылыкты туудурду. Эң алгачкы реалдуулук менен субъективдүү көрүүчүлүктүн (идеялык баалулук конфликт) ортосунда, ошондой эле мамлекеттин өзүнүн жарандарына койгон талаптары менен алардын бул талаптарды кабыл алууга жалпысынан даярдыгы социалдык-саясый жактан бөлүнүп жарылууга алып келди.

Жаңы суверендүү Кыргызстан менен мурунку СССРдин айырмасын кыскача мүнөздөгөндө:

Биринчиден, мамлекеттик чек аралар өзгөрүлдү,бул болсо мамлекетти географиялык, ландшафтык жагынан кыйла «жылдырды». Мындай өзгөрүүлөр эмиграциянын агымынын өзгөрүшүнө таасирин тийгизбей койгон жок. Этнологияда белгилүү болгондой географиялык мүнөздөрдүн өзгөрүлүшү акырындык менен калктын мүнөздүү жүрүм-турумдарына таасир этет. Ошону менен бирге чек аралардын өзгөрүлүшү калктын улуттук составынын кескин түрдө өзгөрүлүшүнө алып келди.

Экинчиден, социалдык-экономикалык чөйрөдө кординалдуу өзгөрүүлөр болду.Мунун жалпы багыттары: коомдун тоталитардык тибинен демократияга өтүүсү; социалисттик-экономикадан капиталисттик борборлоштурулган пландуу типтеги базардык экономикага; салыштырмалуу-социалдык бир өңчөй коомдон-буржуазиялык коомгоөтүүсү. Бүгүнкү күндө бул процесстердин мүнөздөмөлөрү жана алардын тереңдеши боюнча мындай кыймылдар жалпысынан кайра кайтарылгыз мүнөзгө ээ болду.

Эгерде, “өткөн мезгилге токтолуу керекби?”− деген суроого жооп бере турган болсок, анда эң алгачкы жаш муундардын социалдаштырылышынын өтө татаал

маселелерин илимий жактан талдап чыгуу керек. Бул жерде жаш муундардын айрым учурларда чыдагыз кыйынчылыктарда алардын изденүүсү, болгону 20 жылдан араң ашкан жаңы Кыргызстандын жараны катары оз бет алдынча жол табуусу жана өзүн-өзү жүзөгө ашыруу коп тоскоолдуктарды көргөзүүдө. Мына ушундай коллизиялар азыркы жаш муундардын ан-сезиминде чагылдырылат. Бирок, белгилей кетүүбүз керек: өзүлөрүнүн турмуштук жолун чоң жараканын эң четинен баштаган бүгүнкүжаш муундар мурунку муундардан өтө сезимдүүлүк менен айырмаланат. Булардын көпчүлүгү кыйынчылык менен жана айрымдары мындай жараканы аттап өтө алган, ошол эле учурда эски муундар, улгайган адамдар көпчүлүк учурларда жана өзүнүн эркинен тышкары. “Бөтөн территорияда” болуп калышкан, андыктан жаңы реалдуулукту түшүнө алышпаган жана кабыл алыша албаган. Ушул эле учурда жаштар тарыхта берилген шансты алышты: алардын арасында негизинде эч нерсе жок эле, аларга эч нерсеге кылчайып карай турган жана кейиштүү маселелер жокко эсе. Буга байланыштуу төмөнкүдөй суроо туулат: “Биздин коомдо жоготулган муундар кимдер?”

Жаштардын жалпы теориясына ылайыктуу жаш адамдар (14-16-жаш) өзүнүн өсүшүнүн критериялык фазасында аларды курчаган дүйнөнү өздөштүрүшөт, автоматикалык түрдө кабыл алышып, мындайча айтканда аны болгонун болгондой приватташтырып, жөндөмдүүлүгү жана тарбияланышы жүрөт. Бүгүнкү, жогорку класстагы мектептегилер жана студенттер (16дан 21 жашка чейин) коммунисттик режимдин терең жарака кетип, ыркырап жаткан жылдары торолгон, ал эми кайра куруу мезгилинде тороло элек дагы эле. Демек, критикалык мезгил, ал өзүнүн ар кандай бөтөнчөлүктөрү менен башкача идеологиянын жана баалуулуктардын орнотулушунун чыгаандуу процессинин баскычын өткөрүү. Бул болсо алына жана мүмкүнчүлүгүнө жараша, дээрлик баардык кошумча жана алымчалары менен табигый түрдө өзүлөрүнүн жүрүм-турум программаларын өздөштүрүштү жана оолактатышты. Бул жерде эн орчундуусу түбөлүк баалуулуктар үстөмдүк кылган үй-бүлөөнүн тарбиясына караштуу.

Муундардын сапаттык мүнөздөмөлөрүн айтуудан мурда социологиялык жактан белгилей турган нерсе, биз изилдөөчүлөр бул жагдайдын объектиси жана предмети (заты) тууралуу чоң жолдун баш жагында гана турабыз. Материалдарды алгачкы жыйынтыктоо жана аларды талдап түшүнүү процесси жүрүп жатат.

Эми биз түздөн-түз азыркы жаш муундарды социалдаштыруунун факторлорун калыптандыруу маселелерине өтөбүз.

Бул жерде, алардын маанилүүлүгүнө карата, көптөгөн социологиялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарына таянуу ылайыктуу. Ушундай изилдөөлөрдүн бири 2008-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү программасы тарабынан Кыргызстандын баардык региондорунан 1000ден ашуун респонденттер катышкан сурамжылоо жүргүзүлгөн. Алардын ичинен 45% эркектер жана 55% кыз-келиндер. Сурамжылангандардын жарымынан ашыгы (59%) турмуш кура электер. Баардык жаш респонденттердин ичинен 75% кыргыздар, 12% өзбектер, 6% орустар. Башка улуттун өкүлдөрү респонденттердин 7% түздү. Респонденттердин региондор боюнча бөлүштүрүлүшү 14-34 жаш курагындагы калктын санынын бөлүштүрүшүнө туура келет. Сурамжылангаандардын жалпы санынын ичинен 40% га жакыны окуучулар жана студенттер, 48% ишмердиктин ар кандай чөйрөсүндө, анын ичинде үй чарбасында иштегендер, 12% иштебейт же окубайт. Жыйынтыктап айтканда бул жүргүзүлгөн изилдөө социологиялык изилдөөнүн методологиясына толук жооп берет жана репрезентативдүү болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасынын калкынын жаштарынын статистикалык-жыныстык курамын чагылдырат. Алардын пикирлери жана өзүнө, айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан социалдык кубулуштарга жана чындыктарга объективдүү баа берүү, ошондой эле субъективдүү кабылдоо сурамжылоонун предмети (заты) болуп саналат.

Социологиялык изилдөө көрсөткөндөй жаштарды социалдаштыруунун биринчи жана эн маанилүү фактору болуп эне-ата, үй-бүлөөсү жана, буга тийиштүү үй-бүлөлүк

тарбиянын сапаты эсептелет. Ал эми үй-бүлөөнүн ичинде − айрым учурда үй-бүлөнүн бейпилдиги катарында аныкталган психологиялык климат жана такай аларга жеткиликтүү формада (жомок, жети атасы жөнүндө айтып берүү, тиешелүү адабияттарды окууга үйрөтүү, элдин маданиятына аларды киргизүү) кененирээк алганда этностун жаранчылдык баалуулуктарды, идеалдарды балдарга жеткирүүгө багытталышы. Бул жерде терең тарыхый эстутумду калыптандыруу ото маанилүү.

Бүгүнкү күндө сурамжылагандардын 2/3 өзүнүн үй-бүлөсүн психологиялык бейпилдикте деп баа беришкен. Корреляциялык талдоо көрсөткөндөй бул белги жаш кишинин, баланын инсандыгын социалдаштыруу процессинин позитивтүүлүгү маңыздуу жана туз пропорциалдуулугуна байланыштуу. Анткени, бул процесс алгачкы балалык кезден “ энебиз ырдаган ырдан, айткан жомоктон башталат эмеспи”.

Экинчи ото орчундуу фактор – инсан менен белгилүү бир территориялык-географиялык зона, тиричилик кылган айлана-чөйрө жана ал жерге эмоцианалдуу-руханий берилгендик. Бул жагынан статикалык маалыматтарга таянсак Кыргызстанды жаштардын мамлекети деп атасак болот, анткени, Кыргызстандын туруктуу калкынын саны акыркы эл каттоо боюнча 14-34 жаш куурактагылар 2 млн. 49 мин адамды же калктын жалпы санынын 39% түзөт. Жаштардын үчтөн экиси айыл жеринде жашайт, үчтөн бири шаардыктар, аялдар менен эркектердин катнашы, болжол менен бирдей. Калктын курамында жаштардын салмагы региондор боюнча кескин түрдө айырмаланбайт. Демографиялык жактан алганда эң “жаш” шаар − Ош шаары (43%), Жалал-Абад жана Баткен − 39%, Чуй, Талас, Ыссык-Кол, Нарын облустарында − 38%дан. Бул демографиялык көрсөткүчтөрдү тенденция катарында карасак болот.

Үчүнчү фактор − “инсан мамлекет” байланышынын калыптанышынын деңгээли жана сапаты. Бул сөзсүз эле экилтектүүлүктө көрүнөт: а) өзүн Кыргызстандын жаранымын деп кабыл алуу жана; б) жаңы Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүн, көз карандысыздыгын таануу.

Биринчи корунуш боюнча жаштарды дээрлик көпчүлүгү (92%) өзүлөрүнүн Кыргызстандын жаранымын деп эсептешет.

Ал эми экинчисинде эн кыйла жогорку баа берүүлөрдү пайда кылган түшүнүк (80%дан ашык) бул: “ Мекен”, “Кыргызстан”, “Жер”, “менин тек жайым” жана башка ушул сыяктуу. Сөзсүз түрдө бул түшүнүктөрдүн жүзөгө ашырылышы Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүнө, эгемендүүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу экендигин жаштар жакшы билишет.

Бул болсо жаштардын реалдуу турмушунун чагылдырылышы жана алардын сынчылдык баасы. Тилекке каршы, биздин мамлекеттик саясатта көпчүлүк учурда булардын ой-пикирин баалабайбыз. Башка маселе мындай баа берүүлөрдүн себептери жана бул жерде биз кийинки маанилүү факторго чыгабыз.

Төртүнчү фактор-ишенүү фактору. Оз алдынча турмушту баштап жаткан жаш адамдаркөптөгөн суроолор менен алектенишет: билимди аяктоо жана кесипке ээ болуу; материалдык бейпилдик жана уй-булоо күтүү; ийгиликтүү корьера жана жеке коопсуздугу жана башка ушу сыяктуу. Жаш адамдар мамлекеттик жардамына эсеп кылышат, анткени бул мамлекет эркиндиктин, укуктун гаранты, жекече жетиштүү камсыздандыруу жана башка көптөгөн кызматты көрсөтө алат. Тилекке каршы бүгүнкү күндө Кыргызстан мамлекети жаштарга жетиштүү кам коро албай жатат.

Жогоруда көргөзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча жаштардын маанайын талдоонун натыйжасы жаштардын дээрлик үчтөн бири келечектен чочулаган, эртеңки күнгө ишенбей тургандыгын, ар бир төртүнчү адам болуп жаткандарга, кырдаалдын тынымсыз өзгөрүшүнө наразы экендигин, ал эми 13%нин маанайы түшүп, тагдырга моюн сунуп бергендигин аныктады. Алардын 20.7% гана дурус өзгөрүүлөр болуп жаткандыгына канаатанышат. Аялдар менен эркектердин ортосундагы маанайларда да бир аз айырмачылыктары бар. Алсак, сурамжыланган эркектердин үчтөн биринен

ашыгыраагы келечектен чочулап жана эртеңки күнгө ишене алышпайт. Аялдар арасында андайлар аз (27%).

Ошентип жаштардын маанайы ото ар түрдүү, бирөөлөрдө көңүлчөөгү басымдуулук кылат, бул болсо респонтенттердин курагына жараша өсөт. Эртеңки күнгө ишенбестиктен улам жаштардын өзүлөрүнүн жашоо-турмушун кыска мөөнөткө гана пландаштырылышына себеп болууда. Өткөрүлгөн фокус-топтун катышуучуларынын дээрлик көпчүлүгү жынысына карабастан мектепти, жогорку окуу жайын аяктоо, иш таап алуу жана ишке орношуу, билим алуу, уй-булоо күтүү учун башка өлкөлөргө кетип калуу зарылчылыгын айтышкан.

Жыйынтыктап келгенде, жаштардын жашоо-турмушунун ар кандай жагдайларына респонденттердин ой-пикирин талдоого алсак, сурамжылангандардын 28% өздөрүнүн чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн жүзөгө ашырылышына канаатанган эмес, 25% өзүнүн кесиптик жана мансап жактан өсүшүнүн, материалдык абалынын келечегине, 24% жаран катары укуктук жактан корголушунун келечектерине канааттанган эмес. Ушул эле учурда жынысына карабастан респонденттердин басымдуу бөлүгү (96%) өздөрүнүн турмушуна жалпысынан ыраазы.

Соңку мезгилде мамлекеттик жаштар саясатына оз мамилесин өзгөртүүгө болгон далалаты байкалып жатат. Мурда алар жаштар саясатынын таасир көрсөтүү субъектиси эмес, объектиси (бенефициар) гана болуп келген [1].

2009-жылы 25-июнда Жогорку Кенеш кабыл алган "КРнын Мыйзамынын редакциясында мамлекеттик жаштар саясаты жаштар уюмдары менен бирдикте жана аны түзүүгө жана жүзөгө ашырууга жаштардын катышуусу менен жүргүзүлө тургандыгы айтылган. Мамлекеттик саясаттын субъектилеринин катарына жаш жарандар жана алардын уюмдары кирген. Ушундай концептуалдуу иштер бүгүнкү күндө мамлекеттик түзүлүштө оз алдынча түзүлгөн "Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлиги" аркылуу жүзөгө ашырылууда.

Бул министрлик жаштарга тийиштүү болгон башка мамлекеттик органдар менен бирдикте төмөнкүдөй саясый чараларды ишке ашырууда. Биринчи кезекте жаштар саясатынын предметин (затын) жана жаштардын көйгөйлүү маселелерин тактоонун ыкмаларын илимий жолго коюу менен натыйжалуу саясаттуу түзүүнүн методологиялык негизин өзгөртүүдө.

Экинчиден саясаттын предмети (заты) катары жаштардын жашоо-турмушка салт болуп калган тармактык (билим берүү, спорт саламаттыкты сактоо, ишке орношуу жана башкалар) мамилеси эмес, ар тараптан, бүтүндөй мамиле кылууга Министрлик багыт алды. Бул жерде базалык билими, компетенциясы бар, улам өзгөрүп жаткан тышкы чөйрөгө жатыгууга жөндөмдүү жана оз ордун аныктай ала турган жаштар таасирдүү саясаттын натыйжасы болуп калат.

Үчүнчүдөн, Министрликтин негизги максаты-саясаттын ар бир тармагы "жаштар" компонентинен, башкача айтканда жаштардын категориясына кирген жарандарга таасир тийгизүүгө багытталган саясый чаралардан турууга тийиш. Тармактык саясатты калыптандырууда керектөөчүнүн, демек жаш адамдын ой-пикири эске алынууга тийиш.

Төртүнчү, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары жаштарга өзгөчө артыкчылыктарды бербестен, саясат чараларынын даректүүлүгүн күчөтүүнү, жаштардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн диррекциялаштырууну, демек, жаштардын ар кандай сегменттери менен формалдуу эмес иш жүргүзүүнү Министрлик талап кылууда.

Бешинчи, Министрлик жаштар саясатынын артыкчылыктуу стратегиялык багыты катарында төмөндөгүлөргө күч топтоону жана багыттоону илимий негизде аныктоодо. Булар: баардык деңгээлдерде жаштар чөйрөсүн башкаруу системасын өркүндөтүү, социалдык өнөктөштүктүн горизонталдык жана вертикалдык интеграцияланган институттарын өнүктүрүү аркылуу туруктуу, теңукуктуу жана оз ара пайдалуу диалогду камсыз кылуу, ага мамлекет, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдардын жарандык

коом менен консультациясынын ар кандай түрлөрүн практикалоо, мисалы, бюджетти коомчулук тарабынан угуулар натыйжалуу жаштар саясаттын зарыл элементи болуп калууга тийиш.

Жыйынтыктап келгенде, натыйжалуу жаштар саясатты жүзөгө ашыруу учун, эн алгачкысы жаштардын ишенимине ээ болуу керек. Ал учун ааламдык (глобалдык) социалдык саясий процессте негизги басым (ставка) жаштарга коюлушу керек. Акырында, жаштарды ийгиликтүү социалдаштыруунун дагы бир маанилүү мүнөздөмөсү-бул алардын Мекенди баалуулук катарында, өзүлөрүнүн жарандык позициясынын, көз карашын, ишенимин жактоо жана коргоо жөндөмдүүлүгү.

Бул болсо, азыркы мезгилде Кыргызстан мамлекети, анын ичинде “Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлиги” үчүн тактикалык жана стратегиялык милдет.

**Адабияттар:**


**1.** Саясаттын субъекти түшүнүгү саясий иштерге жигердүү, аң сезимдүү катышкандарды мүнөздөө учун колдонулат. Саясат объекттери-бул саясат багытталган нерсе, мисалы адамдардын тобу, аларга жүрүш-турушун, социалдык абалын өзгөртүү максатында таасир көрсөтүлөт.

**2.** Таронов А.В “Государственная молодежная политика как фактор социального развития молодежи”. Автореф. конд.дис. − М.,1994.

**3.** Краткий политический словарь. − М.,1988. − с.91.

**4.** Философский словарь/Под ред. И.Т.Фролова. 6-е изд., доп. И перераб. − М.,1991. − с.97-98.

**5.** Там, же.

**6.** Философский словарь. − М., 1998. − с.355.

**7.** Кара: “Жаштар-Кыргызстандын стратегиялык ресурсу”. − Бишкек, 2008. − с.19-20.

**8.** Кыргыз Республикасындагы улуттук сурамжылоо. Эл аралык Республикалык Институт, 2008.